# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ – АДАМДЫН ЖАШООСУ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ ҮЧҮН ШАРТ ТҮЗҮҮНҮН ФАКТОРУ

**СЫДЫКОВ Ж.С., БЕКЖАН К. Ч.**
biblionsu@rambler.ru

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө жетишкенден кийинки алгачкы мезгилде – 1990-жылдардын башында саясий реформалар калктын социалдык-экономикалык ички түзүмүнө чон таасир этти. Калктын көпчүлүгүнүн жашоо деңгээли кескин төмөндөп, чөйрөдө «байлар», «кедейлер» деген сөздөр пайда боло баштады. Башка мамлекеттердин экономикасына абдан көз каранды болдук. Соңку жыйырма жыл бою жакырчылык менен күрөшүү эгемен Кыргызстан үчүн негизги милдеттердин бири болуп келүүдө. Муну менен катар жергиликтүү өз алдынча башкаруу мамлекеттен мурун пайда болсо дагы анын өнүгүшүнө чындап кызыкдар. Ал өзүнүн табиятында эл менен мамлекеттин ортосундагы байланыштыруучу звено катарында чыгууда. Бирок акыркы мезгилге чейин бизде жергиликтүү элдик башкаруу ыкмасын кеңири жайылтуу, анын экономикалык жана финансылык базасын түзүү боюнча чечкиндүү чараларды көрүүгө мүмкүндүк болгон жок. Себеби, бул маселе боюнча жүрөк жылыткан баалуу сунуштар жана демилгелер ар тараптан колдоого татыктуу болсо да, аларга көңүл бурулбай келди.

Өнүгүп өскөн алдыңкы мамлекеттердин тажрыйбасын карап көргөндө деле, алардын практикасында мамлекеттин кийлигишүүсүн талап кылбаган көптөгөн жергиликтүү маанидеги маселелер бар. Мисалы, эл жашаган жерлерди жашылдандыруу, көрктөндүрүү, таштандыларды чыгаруу, элге билим берүү, маданият, спорт тармагын сактоо, улуттук асыл рухий каада-салттарды колдонуу жана өркүндөтүү. Ошон үчүн алардын кыштагы болобу, айылы болобу дайыма жаркырап, тартип-таалими менен көз жоосун алып турат. Бул көрүнүш мамлекеттин эмес, анын ичиндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун күч-аракети менен ишке ашып жаткандыгы кимди гана суктандырбайт [1, 5-6-бб.].

Ушундан улам, эмне үчүн ар бир жарандын жан дилине жакын жергиликтүү маанидеги иштерди жөнөкөй, башкача айтканда саясатты талап кылбаган маселелерди жеринде чечүүнү уюштурууга болбойт, же бул өзгөчө таланттуу, маданияттуу гана элдердин колунан келчү нерсеби деген ой туулат.

Эгерде артка кайрылып тарыхыбызды карап көрсөк, миң жылдар бою мамлекеттүүлүгүн жоготуп койгон кыргыз элин бөтөн күч эмес, жалаң кыргыздардын көчмөн цивилизациясынын пайдубалын түзгөн өзүн өзү багуу, өзүн тейлөө, өзүн өзү тарбиялоо принциптеринин сактап келгендигин көрүүгө болот. Ошон үчүн биздин мамлекетте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптерин киргизүү боюнча көрүлүп жаткан максаттуу аракеттерди ата-бабабыз байыртадан колдонуп келген элдик башкаруу принциптерин кайра көтөрүп чыгуу максатын көздөшүбүз керек. Муну мамлекетибизде тынымсыз өнүгүп келе жаткан демократия жана рынок экономикасынын шарты да, менталитетибиз да талап кылууда.

Эгемендүүлүккө жетишкенден бери турмушубузда көптөгөн өзгөрүүлөр кирип, элибиздин саясий активдүүлүгү бир кыйла көтөрүлүүдө. Бирок калкыбыздын жакыр жашаган бөлүгү, айрыкча элет жергесиндегилер демократиянын, рыноктун пайдасын жана артыкчылыктарын өздөрүнүн күнүмдүк жашоосунда жакшылыктуу көрүшпөй келүүдө. Мунун бир нече себептери элге маанилүү.

Биринчиден, советтик башкаруу системасында айыл калкын социалдык жактан тейлеген тармактар урагандан кийин чоң өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Колхоз-совхоздордун эсебинен каржыланып келген суу түтүктөрдүн, мончолордун, клубдардын, дүкөндөрдүн, бала бакчалардын, көчөлөрдүн жана башка объектилердин көпчүлүгү жоюлуп кетип, акырындык менен керектен чыга баштаган. Себеби, буларды мамлекеттин казынасынын өтө жакырдыгынан кармоого чамасы жетпей калган.

Экинчиден, айыл чарба тармагындагы өндүрүрүлүп чыгарылган продукциялар кыскарып, жумушсуздук күчөп, айыл калкынын турмуш деңгээлин кескин начарлаткан

Үчүнчүдөн, айылдаштарыбыздын жашоо деңгээли менен рухий дүйнөсү бөксөрө баштаган. Мына ушундан улам акыркы убактарда турмуш сыноосуна туруштук бере албай, уят-сыйытты жыйыштырып салып, коомдун да, мыйзамдын да нормаларын көзүнө илбей, демократия менен рыноктук мамилелерди бурмалап, өз кызыкчылыгы үчүн байлыкка жутунгандар, күнүмдүк жашоосунан башканы ойлобой, ичкиликке киргендер, женил турмуш издеп чет жактарга кеткендер көбөйүп, айыл элинин ынтымагына, береке-кутуна доо кетирип келүүдө.

Бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу түздөн-түз элдик бийлик, бирок баардыгыбыз аны мамлекеттин уландысы катары кабыл алабыз. Мындан тышкары жергиликтүү өз алдынча башкаруу улуттук каада-салттар жана баалуулуктар менен алектене алат. Мисалы, элет жеринде болуп жаткан тойлордун чыгымдарын азайтууну тыюу салуу жолу менен эмес, өзү үлгү болуу менен. Бул үчүн айыл башчысы жердештери менен бирге келечек үчүн чын дилинен күйүшү керек. Ошондой эле башчы элди сөзгө тартып, өзүн үлгү көрсөтүп, үй-бүлөдөгү зомбулукту, кыз ала качууну токтотуу, жаш таланттарды колдоо, элдин жашоосун жакшыртуу үчүн алгылыктуу иштерди жасашы керек. Бул үчүн бюджетти олуттуу түрдө кеңейтүү зарыл деле иш эмес, болгону жергиликтүү өз алдынча башкаруунун лидерлери өз милдеттерин эстеп, мамлекетти тиктеп отурганды токтотушу керек.

Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан ишке ашырылат, алар мыйзамдын чегинде жана өз жоопкерчилиги астында жергиликтүү маанидеги иштерди башкарат. Жергиликтүү жамааттардын ишин башкаруу мыйзамда белгиленген тартипте калктын өзү түзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүргүзүлөт [2, 45-б.].

Бул органдын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу жарандык коомдун өз ара тыгыз аракеттешүүсү аркылуу болуп келүүдө. Акыркы 15 жыл аралыгында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандык коомдук уюмдар менен оң жылыштарга ээ болууда. Жарандык коом бул орган менен жаны социалдык технологияларды турмушка ашырат. Мисалы, үй-бүлөдө зомбулукка жол бербөө боюнча кризистик борборлорду, үйсүздөр үчүн баш калкалоочу жайларды, балдар үйлөрүн уюштуруу коммерциялык эмес уюмдар аркылуу жүргүзүлүп келүүдө. Мындан сырткары, азыркы учурда «Сезим» кризистик борбору үй-бүлөдөгү нике мамилелеринин маселелери боюнча, аялдардын теңсиздиги, зомбулук менен мамлекеттик коомдук структуралар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тыгыз иш алып барышууда.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу коррупция менен күрөшүшү керек, анткени ал калкка коомчулукка башкалардан жакын жана ар кандай коррупциялык көрүнүштөр менен күрөшүү үчүн шарт түзүп бере алат. Андыктан бул органдын социалдык туруктуулукту камсыз кылууда ролу өтө чоң. Бул башкаруу адамдын өнүгүүсү үчүн чөйрөгө олуттуу таасирин тийгизе алат. Анткени адамдын өнүгүүсү үчүн базалык шарттар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун денгээлинде калыптанат. Чындыгында дал ушул жерде баштапкы жана орто билим, маданий жана социалдык тарбия берилип, балдар тарбияланып, жаш муун калыптанат. Бул башкарууну реформалоо жана өркүндөтүү үчүн бардык аспектерди мыйзамдуу түрдө жөнгө салып, кылдат иштеп чыкмайынча мүмкүн эмес.

Азыркы учурда көпчүлүк адамдарыбыз жергиликтүү өз алдынча башкаруу эмне экендигин билишпейт. Эл өздөрүнүн турмушунда жергиликтүү өкүлчүлүктүү органдардын депутаттыгына кимдерди шайлагандыгы жөнүндө жакшы түшүнүшпөйт. Айыл-кыштактарыбыздын күн сайын кунары качып, көйгөйлүү турмуш-тиричилик проблемалары чечилбей келүүдө. Андыктан олуттуу иштерди жүргүзүү менен гана чектелбестен, жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу керек жана мындай иш мамлекеттик деңгээлде көзөмөлдөнүшү керек. Ошондуктан Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө финансы жана уюштуруучулук жактан чыңдап, ошол эле убакта бул органдын иш-аракетине көзөмөл салууну күчөтүү менен түрткү берип туруш керек. Республикабыздын 2 миңге чукул айыл-кыштактарындагы көчөлөрдү, мектептерди,

ооруканаларды, маданият үйлөрүн ремонттоп, жолдорду оңдоп, таштандыларды тазалоого, социалдык маселерди чечүүгө мамлекеттин каражаты эч качан жетпейт. Ошондуктан бул башкарууну мындан ары өнүктүрүү үчүн биз инвесторлорду издеп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кепилдигин талап кылбаган гранттарды жана кредиттерди тартуу максатында эл аралык жана башка чет өлкөлүк уюмдар менен кызматташуубуз керек.

Мамлекеттик аткаруу бийлигинин стратегиялык максаттарынын бири – жалпы жарандык коомдун ар кандай бейөкмөт уюмдарын кызматташуу (орусча айтканда «социальное партнёрство») жолу менен социалдык, экономикалык жана маданий иш-аракеттерди уюштуруу. Мамлекеттик администрациянын облустук жана райондук органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (мэрия жана айыл өкмөттөрү), жергиликтүү бейөкмөт уюмдар, массалык маалымат каражаттарынын жана бизнес чөйрөсүнүн өкүлдөрү, башкача айтканда, социалдык кызматташуунун негизги субъектилери (партнёрлору) өз кызыкчылыктарын жана максаттарын бириктирген социалдык-экономикалык проектилерди түзүп, иш жүзүнө ашыруу мүмкүн экендигин бүгүнкү турмушубуздагы көптөгөн мисалдар тастыктап турат.

Ушул сыяктуу мисалдардын бири – Нарын районунун 15 айыл өкмөтүндө жана Нарын шаарында 2010-ж. июлунан баштап 2011-ж. февралына чейин өткөрүлгөн «Балдарга – камкордук, ата-энелерге – жумуш» деген «Сорос-Кыргызстан» фондунун колдоосу менен жергиликтүү «Келечек Кемеси» коомдук бирикмесинин демилгеси менен өткөрүлгөн социалдык проектиси. Бул проектинин маңызы, кыскача айтканда, көп балалуу, социалдык жактан коргоого муктаж болгон, өзгөчө жалгыз бой үй-бүлөлөрдүн ата-энелери өз балдарына кышында керектелген жылуу жүн байпактарды түйүшөт, түйгөнү үчүн айлык алышат, түйүлгөн байпактарды кайра өз балдарына бекер, гуманитардык жардам катары тартуулайт. Бул проект Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын, шаар мэриясынын жана айыл өкмөттөрүнүн, айылдык жана шаардык мектептердин, облустук «Теңир-Тоо» газетасынын жана «Нарын-ТВ» телерадиокомпаниясынын, «Билайн» уюлдук операторунун Нарындагы филиалынын, Ага-Хан фондунун Борбордук Азия Университетинин жана С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин материалдык, финансылык, уюштурууучулук, кадрлык, маалыматтык ж.б.у.с. иш-аракеттери аркылуу ийгиликтүү жыйынтыкталды. 200 жергиликтүү тургундар жумуш менен камсыз болду, 33 орто мектептин башталгыч класстарынын 2500 окуучуларына жүн байпактары таратылды. Көрүнүп тургандай, бул проектинин алкагында мамлекет, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, билим берүү мекемелери, бизнес-компаниялары жана массалык маалымат каражаттары биргелешип, кызматташуу жолу менен жумушсуздукту жоюу, жакырчылыктан чыгаруу, аз камсыз болгон социалдык катмарлардын өз аракеттерин жана мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүү, ошону менен бирге социалдык стабилдүүлүктү шарттоо, экономикалык өнүгүүнүн булактарын табуу, улуттук салттык өндүрүштү өнүктүрүү ж.б.у.с. мааниси зор маселелерди аз мөөнөткө болсо дагы практика жүзүндө чечишти жана аларды мындан ары чечүүнүн көптөн бир жолун табышты деп айтсак ашык болбойт.

**Пайдаланылган адабияттар**:


1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн ЖЕТЕКТЕМЕ. –Бишкек, 2009.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтуу мамлекеттик администрация жөнүндө КР мыйзамы. –Бишкек, 2008.

3. Жергиликтүү кенештин депутатынын кол китеби. К.К.Өмүралиев. –Бишкек, 2010.

4. Карашев А.А., Тарбинский О. С. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун азыркы абалы. – Бишкек, 2002.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу: бүгүн, эртең жана 20 жылдан кийин. ( Улуттук докладдын талдоо жазмалары). – Бишкек, 2004.